«Жылалды» № 8-орто мектеби

# Кайрымдуулук фондунун жобосу

2021-2022-окуу жылы

**Аз камсыз, жардамга муктаж, турмуш шарты оор үй-бүлөөдөгү балдарга жардам көрсөтүү иретинде жана аларды окууга тартуу максатта «Кайрымдуулук фондун» уюштуруу үчүн түзүлгөн иш чаранын**

# ЖОБОСУ

**Кайрымдуулуктун максаты:**

**Аз камсыз, турмуш шарты оор,жардамга муктаж үй-бүлөөдөгү окуучу балдарды окууга тартуу жана балдардын билим алуусуна шарт түзүү,көмөктөшүү жана тең укуктуулукка чакыруу.**

**Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын аткаруу боюнча түшүндүрүү иштерин жүргүзүү. Окуучулардын юридикалык сабаттуулугун көтөрүү.**

Бекитемин: ______
Мектеп директору У.Эшенкулова
«___» ___09___ 2021-2022-ж.

# “Жылалды ” № 8- орто мектеби.

**Аз камсыз, жардамга муктаж, турмуш шарты оор үй-бүлөөдөгү балдарга жардам көрсөтүү иретинде жана аларды окууга тартуу максатта «Кайрымдуулук фонду» уюштуруу үчүн түзүлгөн иш чара.**

| № | Аткарылуучу иштер | Дата | Жоопту у | Маалымат үчүн |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Аз камсыз, жардамга муктаж, турмуш шарты оор үй-бүлөөдөгү балдарга жардам көрсөтүү иретинде жана аларды окууга тартуу максатта «Кайрымдуулук фонду» уюштуруу үчүн түзүлгөн иш чарасынын планын бекиттирүү. | сентябрь | Соц педагог. | Иш чаранын планы, Кайрымдуулук фондунун жобосу |
| 2 | “Мүмкүнчүлүгүң болсо бер, мутаж болсоң ал!” деген аттуу демөөрчүлөр тарабынын фонд уюштуруу | октябрь | Соц.пед | Мектептин маалымат бурчуна илинген жарыя жөнүндө кулактандыруу (сүрөт) |
| 3 | Кайрымдуулук фондуна мектеп формасы,окуу куралдары, телевизор , уюлдук телефон ж.б.кийим кечелер кабыл алынат жана таркатылат. | Жыл ичи | Соц.пед. | Кабыл алынган жана таркатылган кийим кечелер, атайын бир журналга жазылат |
| 4 | Кийим-кече мектеп форма,окуу куралдары- аз камсыз, жардамга муктаж, турмуш шарты оор үй-бүлөөдөгү балдарга берилет | Жыл ичи | Соц.пед | Берлүүчү жардам дептерге катталат. |

Соц.педагог: ______ Султанбаева У.

# Соц педагог Султанбаева

10-декабрь “Бүткүл дүйнөлүк адам укуктарын коргоо” күнүнө карата мектепке кийим-кечеси жок келбей калган окуучуларды, окууга тартуу үчүн “Кайрымдуулук фондун” уюштуруу максатында пед кеңешменин отурумунун протоколу.

ПРОТОКОЛ №1 10-декабрь 2021-жыл.

Катышкандар мугалимдер жана ата-энелер комитеттери.

Күн тартибинде:

1. Кийими-кечеси жок келбей калган окуучуларды, окууга тартуу үчүн “Кайрымдуулук фондун” уюштуруу.

Угулду: Соц педагог У.Султанбаева сөз сүйлөп, төмөнкүлөргө токтолду. Урматтуу “Жылалды” №8 -орто мектептин мугалимдер жамааты, уул-кыздарыңыздардын батпай калган кийим-кечелери, бут кийимдери жана окуу куралдары (сумка,китеп ж.б) болсо кайрымдуулук кылып коюңуздар. Себеби: Бут кийим, кийим-кечеси жана окуу куралдары жок балдарыбыз сабакка келе албай жатышат. Балдар үчүн колунуздардан келген жардамыңыздарды аябай көмөктөшүңүздөр.

**“ Сиз үчүн майда нерсе, башкаларга өтө маанилүү болушу мүмкүн.**

**Башка бир инсанга жардам берүү үчүн күчтүү же бай болуунун кереги жок, болгону жүрөгүңүздө мээрим” болсун.**

Быйылкы окуу жылында шартка байланыштуу көптөгөн окуучуларыбыз кийим-кечелери жок мектепке келе албай жатышат. Ошол себептен “Кайрымдуулук фондун” ачууну сунуштайм. Мында, биз көптөгөн окуучуларга жардам бере алабыз. Мисалга алсак: үйдо, мектеп формасы кичине келип кийилбей тургандар бар. Сумка,китептери иштетилбей тургандары да көп. Ошолорду катто иретинде журнал ачып кабылалып, керек болгон муктаждарга таркатсак сооп иш кылган болобуз.

Жарыш сөзгө: мектеп директору У.Эшенкулова

**Алган колдон ар дайым,**
**Берүүчү кол жогору.**
**Кел бир тууган андыктан,**
**Берүүчү кол бололу...**

дегендей биз да мектепке келбей калган окуучулардын билим алуусуна жардам көрсөтүп ушул камкорчулук фондун уюштурууга көмөктөшөлү.

Жарыш сөзгө: кыргыз-тил мугалими Н.Жапаркулова негизи жакшы иш баштапсыздар. Бир жагын карасак пайдалуу, экинси жагы сооп иш болот экен. Мен да кошулам. “Чындап эле үйдө жаңы алып берген мектеп формалары кызыма батпай калып турат. Ошону алып келип берейин. Бекер эле турганча бироого пайдасы тийсин” деп айтты.

Жарыш сөзгө: АЧД мугалими Жоробаев Мурат – Менда колдойм.

Мектепте военный форма жетишсиз болуп жатат. Мүмкүн формаларда келип калар. Кээ бирлеринин үйлөрүндө кийилбей жаткан формалар болсо керек деген оюн атты.

Жарыш сөзгө: ТИУ Д.Кабылова- оба тура айтасыз агай ар кандай жомоктордун каармандарынын формаларын мектепке беришсе жакшы болмок. Издеп убакыт кетирбестен кеңири колдонушмак окуучулар ж.б. айтуу менен сөзүн аяктады.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап төмөнкүдөй токтом кабыл алынды:

**Токтом :**

1. "Кайрымдуулук фондун" уюштуруу иши кабыл алынсын жана уюштуруу иштери соц педагог У.Султанбаевага жүктөлсүн.
2. Алып келинген кийим-кечени жана берилгендиги тууралуу атайын журналга катто соц педагог У.Султанбаевага милдеттендирилсин.
3. Көзөмөлдөө жагы мектеп директору У.Эшенкуловага жүктөлсүн.

“Жылалды” № 8- орто мектебинде 2021-жылдын сентябрда

***”Мүкүнчүлүгүң болсо бер, муктаж болсоң ал” деген кайрымдуулук*** **акциясы өткөрүлдү.**

**Алган колдон ар дайым,**
**Берүүчү кол жогору.**
**Кел биртууган андыктан,**
**Берүүчү кол бололу...**



